**Есенов Уланбек Аскаралиевичтин «Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтолусуунун институту (саясий укуктук изилдөө)» темасында 23.00.02 – саясий институттар, саясий процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына илимий консультант, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мүчө-корреспонденти, саясий жана юридикалык илимдеринин доктору, профессор Канатбек Азиздин**

## ПИКИРИ

Есенов Уланбек Аскаралиевичтин доктордук диссертациясынын темасы актуалдуу маселеге арналган.

Кыргызстанда акыркы жылдары үч жолу төңкөрүш болгону менен, мамлекеттик башкаруунун туруктуу бир нугуна түшө электиги айдан ачык.

Андан калса президент саясий фигура катары саясий системабыздын өзөгү катары мамлекеттик бийликтин бардык бутактарына жана бардык кызмат адамдарына, алардын ишмердигине түздөн-түз таасир берип келет.

Албетте, изденүүчү алдына коюлган илимий максатты жана маселелерди чечүүдө бир катар методологиялык ыкмаларды колдонгон. Алардын эң негизгиси – бул илимий изилдөөнүн предметин саясат таануу илиминин инструментарийлерин колдонуп, көздөгөн максатына жете алды.

Есенов У. доктордук диссертациясын 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясат таануу илимине өзүнүн бир катар илимий жаңылыктары менен салым кошуп жаткан эмгек катары бааланат деп эсептейм, анткени бул эмгектин илимий жыйынтыктары катары диссертант бир катар жаңы илимий жоболорду коргоого алып чыгып олтурат.

Изденүүчү диссертацияда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтулуусунун институтун жана жалпы эле мамлекеттик бийлик органдарын

жана алардын ишмердигин, аларды укуктук жөнгө салуучу мыйзамдарды жакшыртуу боюнча бир катар практикалык сунуштамаларды да иштеп чыккан.

Албетте, диссертациянын мындай өзгөчөлүгү менен жаңылыгы бул илимий эмгектин практикалык маанисин да жогорку деңгээлге көтөрөөрү шексиз.

Есенов Уланбек Аскаралиевичтин “Заманбап Кыргызстанда президенттик бийликтин мөөнөтүнөн мурда токтотулуусунун институт (саясий укуктук изилдөө)” аттуу темадагы диссертациялык изилдөөсү мазмуну боюнча 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигине дал келет.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын тиешелүү жоболоруна жана талаптарына, алардын ичинен «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына толук жооп берет.

Ошондуктан, мен Есенов Уланбек Аскаралиевичтин диссертациясына оң баа берилет деп ишенем жана изденүүчү саясий илимдеринин доктору деген жогорку окумуштуулук даражага татыктуу деп эсептейм.

**Илимий консультант,**
**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук илимдер академиясынын**
**Мүчө-корреспонденти,**
**саясий жана юридикалык**
**илимдеринин доктору,**
**профессор** **Канатбек Азиз**